Скорг
Г 12
Кр 42

САДЫК ГАВАЙ



# БИРИ КЕМ ДҮЙНӨ

Формуляр книги


| | |
|---|---|
| Скорг | 443890 |
| Г12 | Гавай С. |
| | кем дүйнө. |
| | 5с. |


Скорг
Г 12


Садык ГАВАЙ

# БИРИ КЕМ ДҮЙНӨ

(ырлар жыйнагы)



ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 443890



«Чоң болгун, «кичи» болгун баары
бирдей,
Жаза өтпөйт тагдыр аткан огу
тийбей.
Гений бол, аалам сырын ачам
деген,
Өтөсүң жүздү билсең миңди
билбей.

Эсендигим — эсеп жеткис байлыгым,
Менден байлык үмүт кылсаң, айныгын!
Байлык деле, бийлик деле эскирет...
Далдаасында калып бир күн кайгынын.

Улуулукту күтсөң менден, айныгын,
Узун-кыска саптар — болгон байлыгым.
Жыртык дүйнө... жыйсам байлык жок
болмок...
Ырга айланттым жан дүйнөмүн кайрыгын.

О асыл жар, ишеничиң жүктөдүң,
Кээде түтүп, кээде анына түтпөдүм...
Адамдыкты күтсөң мейли, жан эркем,
Жомоктогу Ыйыктыкты күтпөгүн.

Анан менден үмүт кыла көрбөгүн,
Атлес, шайы, парча, жибек көйнөгүн.
Байлыкка мас, адамдыгы арзан баа,
Акмактардан аз да болсо өйдөмүн...

**Ош шаары, 1996-ж.**

## НАРИСТЕ

Эң сулуусу сулуусу көп ааламдын,
Эң улуусу улуусу көп ааламдын.
Кандай жөлөк, кайгы баскан мүнөттө,
«Ата» деген, жалгыз сөзү баландын...

... Эне ичинен түшкөндө эле дүйнөгө
Ыйлайт неге? Жаның түшөт күймөнө.
Ал анткени акак, таза жүрөгү
Сезет окшойт азап көбүн дүйнөдө.

Ыйлабачы, жаным уулум, жаш төгүп,
Кайгыга да көнөт адам, көп чөгүп.
Адам —чырпык, аласалган деңизде.
Турмуш — деңиз, чачып аткан ак көбүк.

... Көнөсүң да, жолу ушундай адамдын:
Белгисиздик алды ар бир кадамдын...
Насип кылса сен да бир күн угаарсың,
«Ыңаа» деген үнүн жандай баландын.

Үзүлгөнүм улай турган учугум!
Чачылганым курай турган тукумум!
Керек болсо кечип жандан беремин,
Кешик суумун эң акыркы жутумун.

Жалал-Абад ш., 1992-ж.



Мезгил эзип нөшөр менен күздөгү,
Уратыптыр тээ коргонду түздөгү.
Адаты го бу мезгилдин таш боор,
Бүтүндүктү бүлүндүрүп үзмөгү.

...Көрүстөндө жаңы-дөңчө топурак,
Кумурскадай кыйма-чийме топурап
Тиричилик жүрүп келет абалкы...
...Аска учунда жалгыз бүркүт отурат...

Эшекчен чал тоо боорлоп барат жай,
Кечки маал. Бүгүн шам жеп чыгат да Ай.
Көк бетине кайтат эми жылдыздар,
Пери жаккан азгырмалуу чырактай.

Ороп сүрдүү түңгүюкка тумчулап
Түн орношот. Күн азабы унутулат.
Эх, адамзат... аалам сырын ачам деп,
Алп дүйнөнүн сырларына умтулат.

Сары-Булак айылы.

## МҮРЗӨ

Дарактардан түшкөн саргыч жалбырак,
Күздүн алсыз күн нуруна албырат.
...Токтой калдым, зырп деп алды эт жүрөк
Мүрзө! Оозу ачык, менден бир аз алдыраак.

Токтоор жери — мүрзө, актын каранын...
Бүтөөр жери бүлүк салган санаанын...
Чекити ушул ченеми жок сезилген
Азаптардын, кара ойлордун, жалаанын...

Ушул жерде бүтөт бүтпөс тирилик,
Ыйлар коштоп, ыйдан жүрөк тилинип.
Топурактан жаралгандай, калабыз
Кайрадан биз топуракка биригип.

**Сары-Булак айылы.**



## АКЫН ТҮНҮ

Оо тагдыр! отко, суугa сала берип,
Ойлонтуп акын үшүн ала берип,
Башкага байкалбаган көйгөй коштоп,
Балбылдап үмүт ичте жана берип,
Акмакка ырахаттан кенен берсең,
Акынга түгөнбөгөн санаа берип.
Акындын ойго толгон оор түнү
Алыста унутулуп кала берип,
Кайдадыр сапар улап баратасың,
Кашайгыр, катаал тагдыр болуп шерик...

**Сары-Булак айылы.**

## ТААЗИМ

Аманбы, акын баба, Омор Хайям?
Генийсиң. Генийлигиң кантип танам.
Ыр, шарап, сулуу сүйүп өттү өмүрүң —
Бул үчөө ачуу Күнгө тапкан дабаң.

Ың-жыңсыз дареги өчүп далай кылым,
Унутулуп кала берди. Сенин ырың.
Түбөлүк жашай берет адам барда,
Талкуулап табышмактуу дүйнө сырын.

Эмне жок бу жарыкта бийик, улуу...
А бирок, дайым сендей жанып туруу
Ар кимге келе берчү бакыт эмес,
Бактылуу сени сүйгөн Айша сулуу!

Жалал-Абад ш., 1992-ж.



## КОМУЗ

Кылымдан кылым кезип жашап келет,
Кыялды, эргүүлөрдү демеп-демеп!
Кыйын кез, кысталышта шерик болгон,
Кыргыздын анык досу —комуз, демек.

Кылында дир-дир этет кыргыз зары.
Комузсуз жетмек эмес Мезгил каары.
Ширелип калган белем бул үч кылга
Муң, арман, кыял, максат... —баары-баары.

Дароот-Коргон, 1993-ж.

## МҮШТӨК

Унут таштап ар бир күндүн азабын,
Уукканда мен өзүңө шашамын.
Келечекке алып барчу күндөрдө,
Келет сенден жарык алып жашагым.

Эмне кыял, санаа, ойлор —баардыгы,
Алып учту, сени көздөй дарбыды!
Сагынычтуу ырлар сага белегим
Бөксөрбөсүн сагынычтын сандыгы.

Жүрөк туйлайт, самоо эзип, элирет,
Жаткандырсың таттуу уйкуда мемиреп...
... Тоо тарапта жалгыз торгой үн безеп,
Жалгыз атчан улам атын теминет...

...Тирүүлүктөн, жаным, жыргал күтпөдүм...
Туура келди көп учурда түштөгүм...
Мен да жалгыз жолоочудай, торгойдой,
жан шеригим, сырдашаарым—мүштөгүм...

Кара-Тейит айылы, 1996-ж.



Тажадым! тажадым мен баарыңардан
Таш көздөн, дилге чачкан заарыңардан.
Көңүлдө жакшы ой багып жүргөн менен
Көп ичкем уу кошулган балыңардан.

Сүйлөшпөй деле кээде койгум келет.
Сүйүүбү силер берген кооз белек.
Аруу ой талкаланып көзүңөрдө,
Акак дил алдыңарда тебеленет.

Кыраалык көзүңөрдө турса жанып,
Кыйырсыз кенен алам кетет тарып.
Абад Күн насип кылбай акындарга...
Абалтан шундай болгон көөнө тарых.

Ош ш., 1996-ж.

## КУСАЛЫК

Эч нерсени сүйбөй турат көңүлүм,
Баары-баары дилге жакпай негедир.
Мен тагдырга жаза баскам каерден
Эш тутарга эч нерсем жок неге бир?

Түндөр мага түгөй болду түнөргөн,
Мен да түндөй уюп турам кээ бирде.
Менин дүйнөм түшүнүксүз барына,
Мындай кезде болоор жан жок же бирге.

Жалгыз сезем, өгөй сезем өзүмдү
Бул жарыкка кокусунан келгендей,
Тагдыр менен таймашуудан чарчадым...
Өмүр болсо өтүп барат кербендей...

Жалал-Абад ш., 1992-ж.



## МЕМИРЕЙТ КАСИЕТТҮҮ ТООНУН КОЙНУ...

(Атам Элибайга арнаймын)

Сарыгып мурутунан жаан суусу,
Эсимде атам сырттан кирген түндөр...
Анда атам багып совхоз жылкыларын,
Жайлоодо, боз үйдө элек... укмуш күндөр..!

Таң заар айдап кунан, быштыларын,
Мингени Акжал жорго жөнөп кетчү.
Кичине кулундар да таанып ээсин,
Кишинеп, бирин-бири өмөктөшчү...

Тору айгыр ачуулана жерди чапчып,
Тоо боорлоп, айдап үйүрүн артта жүрчү.
...колотто жалгыз биздин боз үй гана...
Алыстан чабандардын иттери үрчү...

Кээ түндөр камап коюп жылкыларын,
Атакем от боюнан орун алчу.
Комузун колуна алып... коштоп кээде,
Коңур үн менен секин ырдап калчу...

Ырдачу: сүйүү, турмуш баяндарын,
Ымыркай сезип кээде мени дагы.
Жаныма шундай жакын сезилчү-ов!
Жагымдуу тер жыттанган жени дагы...

Чагылган ырын бузуп кээде атамдын,
«Чарт-чурт» деп, асман жиреп өтөөр эле,
Элестер көз алдыма келген сонун,
Акырын барып анан өчөөр эле...

Оо көпкө боз үй сабап, жамгыр төгүп,
Олтурчу ийик ийрип апам төрдө.
... жаандан корголошуп перенделер,
Жайылып туман өтчү колот өрдөп...

... Тынч түндөр торгой сайрап кокту жактан,
Атакем айтып бизге далай жомок.
Мемиреп касиеттүү тоонун койну,
Бакыт да биздин үйгө болчу конок.

1995-ж. Ош шаары.



## КЕРЕГИ ЖОК МАГА ДАҢКЫҢ, АТАГЫҢ

Адамдардын жашоосуна күлөт Күн.
Үшүн алат эртеңки ойлор жүрөктүн.
«Кыйратаарлык» бир иш кылбай өмүрдө,
Кыйла жылым кыялдарга түгөттүм.
Өзүмө да, өзгөгө да пайда жок,
Өмүр сени уйпаладым, жүдөттүм.

Баркын билбей кээде атамын, апамын,
Жашаганга мен өзүмө капамын.
Үмүт менен берген бир кез ата-энем,
Үзүрүн да көрүшө элек батанын.
...Келээр күндө уят кылба, о, тагдыр!
кереги жок мага даңкың, атагың.

Ош шаары 1995-ж.

## ТОМСОРУП АТАҢ ТУРАТ БЕЙИТИНДЕ...

Боздотуп апакеңдин төгүп жашын,
Бозортуп атакеңди таштап кеттиң.
Түшүнбөс адам-пенде аяк башын,
Түгөнгүс кайгы-муңду баштап кеттиң.

Кеттиң сен бул жарыкта түгөнбөгөн,
Кейиштен, адам жанын газаптаган.
Тагдырга моюн сунбас пенде болбос...
Таалайым дагы эмнени жазат маган,

Айрылуу; оору-сыркоо, кордук толгон,
Адилдик кыял болгон калды жарык.
Томсоруп атаң турат бейитинде,
Топурак-боз дөңсөөгө көз жаш тамып.

«Ата» —деп атабадың бир да жолу,
Ага сен тилиң келбей кала берди.
Адамдын өмүрү бүт—арман, ыза,
Андыктан аз өмүрлүү бала берди.

Өмүрдүн не бир, не бир катаалдыгын,
Көрбөдүң, кыйналбадың ичтен боздоп.
Бергениң Алла-таала сөзсүз алат...
Бейитиң турат ичтен муңду козгоп.

Атаңдын атын билбей, затын билбей,
Алоолоп, кыял-отуң күйбөй кеттиң.



Жашоонун азгырмалуу күчү болгон,
Жар тандап, жаш кыздардан сүйбөй кеттиң.

Азаптуу бул дүйнөдөн кечтиң, уулум,
Акактай, күнөөсү жок тунук бойдон.
Тирүүнүн барар жайы —жердин асты,
Дүйнөнү Кудай шундай куруп койгон

Жашоонун чечилбеген түйүндөрүн
Чечем деп атаң өзүн кыйнап келет.
Бакыт жок бул дүйнөдөн бакыт издеп,
«Байлык» —деп жазган ырын жыйнап келет.

1995-ж. Каратай айылы.

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 243820

2—7826

## БӨРҮ

Айылда түн бир оокум... сүрдүү тынчтык...
Алыста улуйт бөрү коркуп сүрдөн.
Күз. Шамал. Ээн калган адыр түздөр...
Күтпөгөн ойлор келет ушул үндөн:

«...Эмнени көрбөйт басып, тирүү жүргөн?
Эмнени тартпайт, досум алтын, башың?
Бул жашоо арсар үмүт болгондуктан,
Буулугуп, кыйналганда тамат жашың.

Муңканган ырлар чыкса көөдөнүмдөн,
Муңдуурга боорум ооруп турган кезим.
Негедир аяп жандуу-жансыз — баарын,
Тереңден кыйнай берет туюк сезим.

Жардамга муктаж бай да, жардыга окшош,
Жаркылдап өткөн өмүр болбойт, түшүн.
Бактысыз жылдар баштан өтүш керек,—
Бакыттын бир күнчүлүк жыргалы үчүн!»

Айылдын сырдуу түнүн көзөп үнү,
Аёолуу улуйт бөрү Айды карап.
Кайдыгер дүйнө жатат дүлөй, мерес,
Карайат көмкөрүлгөн асман тарап...

13.09. 1995-ж.



## ААЛАМДАН ӨТКӨН КАНЧАЛАР...

Түн бою өчпөйт жарыгым, —
Түйшөлүп көпкө жатамын.
Түнт тиктеп Айдын жарыгын,
Түбү жок ойго батамын.

Жылдыздар көктөн нур чачат,
Жыл маалы — жазда Ай жаңы.
Айларды жылдар уурдашат,
Күндөрдү уурдайт ай дагы

Жылтырайт тоодо арчалар,
Жылбастай мезгил токтогон.
Ааламдан өткөн канчалар,
Апенди Садык окшогон...?

## АМАНДЫКТЫН АЖАРЫ УЧКАН КҮНДӨРҮ

Арт жагыма сыймыктана кылчайсам, —
Азаптардан башка эч нерсе болбогон:
Тагдыр баарын чечип коюп тымызын,
Таалай издеп мен алысты болжогом...

Күндөр күңүрт... түндөр андан беш бетер
Күлкү-ый менен жуурулушкан жашоодой,
Амандыктын ажары өчкөн күнү учат.
Кадыры жок, көр тириликтен бощобой...

Келээр күн да кемтик болот белгилүү,
Келечектин кейиши бар түгөнгүс.
Кылымдардын изи калбас дүйнөдө,
Кыйшыгы бар бул турмуштун түзөлгүс...

Ош шаары, 1996-ж. 22.01.



## ӨМҮР КУМАРЫ

Каалап көптү, бирок жетпей баарына.
Каргап кээде тагдырыңды, таарына.
Өмүр өктөм, өтөөр жорго өндөнүп.
Жеткирбеген кыска жолдо чаңына.

Сүйүп... сүйүп... канбай сүйүү даамына.
Ачуусуна, таттуусуна — баарына.
Өтөөр өмүр учкан куштай зымырык,
Кетээр кырдын көз көралбас багына.

Астын-үстүн түшүп кээде асманым,
Тургансыймын так алдында асканын.
Жолу болбой ташыркаган жоргодой,
Таң калыштуу карап күүсүн башканын...

## ОШ ШААРЫНДА

Кан базарда кайнап катаал тирилик,
Калыбында бузулбаган баягы...
...домбурасын чертип бирөө ыр ырдайт,
Доошу муңдуу... бут алдында таягы.

Кууралдарын бул турмуштун көрөлөк,
Кудундашып, кыздар өтөт жанынан.
Ойлуу тиктеп кээде гана бирөөлөр —
Он тыйындык таштайт капчык-кабынан.

Ырдайт ырчы, — каректери санаалуу...
Ырыскысын күтүп кимдин колунан?
Ээси менен тең тигилген сыяктуу
Эски костюм, эч түшпөгөн жонунан.

Тагдырына болгон кайгы капасын,
Таңдайынан ырга кошуп, төгүп ал,
Ырдап жатат, бут депеси толгонуп,
Ызаасына, өз муңуна чөгүп ал...

Чоң курсактуу, жасанышa кийинген,
«Чондор» өтөт байкамаксан болушуп.
Жаш-наристе балдар өтөт кызыга,
Баёо карап, короз кантын сорушуп.

1995-ж, сентябрь.



## ӨКТӨМ КҮНДӨР

Өктөм күндөр ай тобуна биригип,
Өтүп жатат өксүгү көп тирилик.
Көөдөн толгон ыза менен кусага,
Көңүл, жүрөк сөздөн бүткөн тилинип.
Айлар болсо алмашышат нугунда.
Ай артынан жылдар атып чимирик.
Ойлор... ойлор ачуу дагы таттуу да,
Ойт беришет куштай учуп Зымырык.

Мээрими жок нурлар күндөн тамчылап,
Мени убакыт үстү-үстүмө камчылап,
Кейиш менен айдап барат тумандуу —
Келечекке, жакшы күндөр барчылап.
Адамзатты ойлой-ойлой буулугуп,
Айрым кезде кетет көз жаш тамчылап.
Жаамы адамдын тагдырына эмнеге
Жаным сыздап, оюм мынча жанчылат??

Тоолор турат ичке катып сырларын,
Тоңгон муздай ээрип кетип жыргалым,
Уугуп турат көп ойлордон эт жүрөк
Ушунчалык узак болуп жылдарым.
Аяк-чексиз созулушкан мүнөттөр,
Аябастан назик сезим кылдарын.
Үзүп кетип үмүт-жибин максаттын,
Үнүн тыңшап турат жалгыз ырларым...

1995-ж., Ош шаары.

## КАЙРАДАН ЭКИНЧИ ИРЕТ КЕЛБЕЙМИН ДЕП...

Ой менен алпурушуп өттү күндөр,
Окшошуп көз жашындай бир-бирине,
Түйшүгү түгөнбөгөн тирүүлүктүн
Түкүрүп басып кетпей тирлигине.

Акмагы акылмандан көп дүйнөдө,
Атак-даңк алууну да самабадым.
Ырахат сурабастан куу турмуштан,
Ырысты ырдан күтүп сабаладым.

Меймандай келээр, кетээр бу жарыкка,
Мен байлык жыйноону да каалабадым.
Ыр үчүн эчен ыза тартсам дагы,
Ыры жок өткөн күнүм баалабадым.

Мандайга бырыш дагы эрте түштү,
Мага өмүр бак-таалайын бербеймин деп.
Кайгылуу күндөрүм да сүйүп келем,
Кайрадан экинчи ирет келбеймин деп.

Дароот-Коргон, август, 1994-жыл.



## БУЛУТТАР

Эх, булуттар, ак булуттар, булуттар,
Эмне мынча көңүл чөккөн, сузсуңар?
Жер үстүндө азап толгон жолдорду,
баспадыңар, желди минип учтуңар.

Аппак, назик, ажайып көрк буладай,
Ак булуттар, аалам кезген булуттар!
Ызалыкка даба болор эрте-кеч.
Ырыс конгон жай бар бекен туруктаар?

Көп кылымдын көз жашындай жамгырлуу,
Көк мейкинди мекендешкен булуттар!
Кылымдардын кайгы-муңун көтөргөн,
Кыргыз деген, жерде даа бир улут бар.

Кыйырында чексиздиктин жай албас,
Кыял өңдүү кол жетпеген, булуттар!
«Адам-ыплас, турмуш-палит, дүйнө- шор»,—
Дейт жашоонун сырын билген улуктар...

Ак булуттар, ак булуттар, булуттар,
Эмне мынча манайыңар пастаган?
Адал-арам, ак-каранын башатын,
Адам-Ата, Обо -энебиз баштаган...

27.12.95. Ош шаары.

## КҮЗ

**(Алымкул Исаковго)**

Абалкы көргөн көчөм азыр башка:
Адам аз. Күрү-күү жок. Ээн калган...
Саргайган жалбырактар шуудурашып,
Санаалуу шаар тосту кабак салган.

Базардан бакылдаган үн угулат: —
«Баасы — арзан, менден алгын» —деген.
Тилемчи колун созот, көзүндө муң,
Тиши алтын бирөө турат коон жеген.

Ысырык кармап өттү лөлү кызы,
Ырысы тайкы туулуп калган белем.
«Волгадан» түшкөн бирөө бак-бак сүйлөйт.
Бозоргон көчөдө мен жалгыз келем...

Бызылдап чымын башына учуп, конуп,
Бышылдап жол боюнда бир мас уктайт...
Дабасыз маңдайына жазылганды ал
Даттанып, айткан менен эч ким укпайт...

Жан—таттуу, жашоо—тозок ошондуктан,
Жарыкта кыска болуп кубанычың,
Оогондой тагдырлардын таразасы
Ооматтын келип-кетип турары чын...



Абалкы көргөн көчөм азыр башка:
Адам аз. Күрү-күү жок. Ээн калган...
Саргайган жалбырактар шуудурашып,
Санаалуу шаар тосту кабак салган.

Кызыл-Кыя шаары, 1995-ж.

## ШАМАЛ

Сумсайып, шааниси жок, мааниси жок,
Суулардай агып кетти канча күнүм.
Мен сүйгөн тоолор болсо калып бузбай,
Мелтиреп тыңшап жатат аалам үнүн.

А менин манайым пас, шерик кылып,
Акылга ар кыл ойду жыйып келем.
Орошон кыял кээде ичке батпай,
Оңкулдап калат анан көпкө денем.

Шамалдын ышкырыгы ыйларга окшоп,
Сар-санаа баскан ойго дуушар кылат.
Маңдайда-тоо башында ак кар бойлоп,
Калкылдап, каяккадыр булут жылат.

Жашоого болгон кээде кумар өчүп,
Жарыктын не бир жаман жагын көрдүм.
Өмүрү палит, бирок, ай чырайлуу,
Өңдүүнүн суктандырган агын көрдүм.

Улуулук пастык менен бирге жүрөт,
Ушундай жаралыптыр дүйнө өзү.
Жашоодон күнөөсү жок жандар өтпөйт.
Генийди гений кылып турат сөзү.



Кадырсың, пайдасы жок өмүрүнө
Кайгырып, улугандай шамал боздойт.
Жүрөктүн түпкүрүнө жашырынган
Жүргөнгө айта бербес мунду козгойт...

Сары-Булак айылы, 1994-ж.

## САНАВАРГА

Жаш акын — биздин Санавар,
Жашоодо бүтпөс санаа бар.
Акынды тосот ар дайым,
Айрымга келбес санаалар.

Жаш акын — биздин Санавар,
Жанында ырдай даба бар.
Ашууда турса чаалыгып,
Акынды ыры дабалар.

Жаш акын биздин Санавар,
Жаштыгың ырга барабар.
Учсаң да Айга бир кезде,
Уучуңа ырдан ала бар.

Жаш акын биздин Санавар,
Жашоодо чындык, жалаа бар.
Жан шерик кылган ырларды,
Жаңырсын кошо талаалар.

Келсе да кээде санаалар,
Кейибей жаша, Санавар.
Керсейип жүргөн байлар да,
Кезинде куртка таланар...

Дароот-Коргон айылы, 1994-ж.



## АДАМЗАТ БҮТ КҮНӨӨСҮН АЛА ӨТӨЙҮН

Терс кыял, турмуш өзү, тескери мүнөз,
Теңирден сурагандай болбойт дайым.
Өзүңдү өзүң алдап өтө бермей,
Болбогон нерселерди болжоп дайым.

Кыялда күткөн кызың эч кезикпейт,
Кыжалат кылат кээде жарың дагы.
Каякка кол создбойлу — баары бекер,
Кадырың билбейт жүргөн жаныңдагы.

Тизесин бүктүрбөчү адамдардын,
Тилегин бербей коюп, Жаратканым!
Адамзат бүт күнөөсүн ала өтөйүн,
Ааламга башка мендей жаратпагын!

1995-ж., 23-май, Ош шары.

## БИЛГЕНИМ КӨКҮРӨККӨ ТҮЙҮП ЖҮРҮП...

Билгеним көкүрөккө түйүп жүрүп,
Билигим түгөнбөстөй күйүп жүрүп,
Өмүрдө бардыгынан көөнүм калып,
Өксүгөн учурум көп сүйүп жүрүп...

Билинбей ойлор ичке салып бүлүк,
Биле албай жашоо сырын ичтен күйүп,
Өх! —дээрмин, өмүр менен кош айтармын,
Өзүмдү өлбөс сезип басып жүрүп...

Кыялды үмүт менен камчылап,
Кыйын күн жыргалымды тартып алып,
Өзүмдү бир күн жерге тапшырармын,
Өзөктөп өксүгү көп жан чыгарып...

Бир келип, кетер күнүм күтүп жүрүп,
Бир эмес миң кордукка түтүп жүрүп,
Көрүнбөс жайга бир күн мен да кетем,
Көп иштин азы гана бүтүп жүрүп...

Айланып бир орунда саат жебе,
Айныбай дайым шундай турат дебе,
Анын да токтоп калар кези келет,
Андан соң кадыры жок анын деле...

1994-ж.



## КӨЗ ИРМЕМ

Көз ирмем жарык дүйнө: баары, баары, —
Жыргал да, тирүүлүк да, азап дагы.
Жашоонун чечилбеген сыры ушул,
Ушундай адамзаттын таалай-багы.

Жаз өтөөр, кызгалдактын, өчөөр өңү,
Саргайтар күз суугу ойду-чөлдү.
Өзгөрөр кыял, мүнөз, мезгил менен,
Өзгөрмө нерсе булар өмүрдөгү.

Кайгырбайм, кабак чытып, тиштеп эрин,
Укканда кээ бирөөнүн суук кебин,
Мен ага табышмакмын, ал да мага,
Ойлоном табалбаймын себептерин...

Көз ирмем бу жарыкта баары, баары —
Бакыт да, турмушуң да сүйүү дагы;
Өкүнбөйм мен жашоонун мунусуна,
Ушундай опосу жок адам багы.

Шадринск шаары, 1990-ж.

3—7826

## КЫЯЛЫНДАЙ КЕЖИР МҮНӨЗ БАЛАНЫН

### апам Шарапатка арнаймын

Ой терметип бешигинде санаанын,
Издеп келем балалыктын караанын.
Тинтип издейм тизгини жок ал күндү,
Тикени көп мейкининен талаанын.
Жаш көбөйүп өмүр сызып бара тат,
Кыялындай кежир мүнөз баланын

Түн тумчулап кээде өжөр жүрөктү,
Тумчуктурду, ойго салды. жүдөттү.
Анан кайра тээ алыстан нур чыгат,
Үмүт менен улантасың күрөштү...
Бирок баары бекер нерсе өндөнөт,
Качан, кантип, кайсыл жерде күн өттү...

Эмне кокус балалыкты самадым?
Эмне кайра өткөн күнгө барамын?
Ошол көрсө, балалыкта калыптыр.
Өмүр сенин кереметтүү барагың.
Көчкөн булут кайра кайтпайт артына,
Бу жашоонун кызыктыгын карагын.



## ТАБЫШМАК ТАГДЫР ЖОЛУ ӨМҮР АЛДЫ...

Жашоо бүт кошулуудан тургандыктан,
Жашоо бүт айрылуудан турары анык.
Тирүүгө тагдыр уусун сунгандыктан,
Тирүүлүк кайгыруудан турары анык.

Кубаныч кучак жайып, тосуп чыкса,
Бир колдо уусун дагы ала жүрөт.
Үч күнүң кайгы мундун жашын сыкса,
Үч мүнөт кубанычтуу согот жүрөк.

Дүйнөнүн турары чын тескен, ондон,
Илгертен жаралгандан аалам түбү.
Сымаптай кулап түшөт бакыт колдон,
Ар мүнөт өзгөрүлүп анын түрү.

Суроолор эзип келет жүрөгүмдү,
Табышмак тагдыр жолу, өмүр алды.
Билбеймин канча басып жүрөөрүмдү.
Билбеймин бакыт күнгө канча калды.

Чоң-Алай району, Дароот-Коргон айылы.

Кээ бирөө көзүм жокто атымды атап,
Жамандайт, ошондуктан жаман атак.
Шамалдай тарап кеткен мен жөнүдө.
Ниетим ал адамга, бирок, акак.

Тынчымды алат ушак күнү-түнү:
«Садыкпы? койчу ошону, курусун түрү.
Тим эле жалгыз ошо ыр жазгансып,
Дайыма шайыр сүйлөп, шатман жүрү...»

Ушундай... ушуга окшош заар сөздөр...
Уу болсо чачкысы бар кээ бир көздөр,
Адамдар бирин-бири түшүнмөкпү...
Айыбым болбогонум акын, сөзмөр.

Кээ бирөө кытмыр көзүн кадап мага,
Кылдан да кыйкым издейт сынын тага.
Наадандар бул ааламда азайбашын,
Сезгендей согот жүрөк оор кага.

Мен болсо жашоо сырын издеп жүрөм,
Акмакты деле сыйлап «сиз» деп жүрөм.
Кечээки жаза баскан издеримди.
Иш менен аста-секин түздөп жүрөм.

01.06.94. Дароот-Коргон.



## КАЙЫЛ БОЛУП...

Өткөн сайын өжөр эрктүү жаштыгым,
Узак калып, толбой өмүр баштыгым,
Кетип барат кежирленип күндөр да,
Даңазалап дүйнө боору таштыгын.

Көнүп барам көр дүйнөгө кейибей,
Келечектин, бирок, багын жерибей
Өмүр — Алп тоо, кебелбеген көп кылым,
— Пенде-тоонун согуп өткөн желиндей...

Таштап алтын балалыгым алыска,
Түшүп мен да түбү болбос жарышка.
Кайрат менен калыптанып баратам,
Кайыл болуп эртең болбой калышка.

## КӨЗДӨН УЧКАН БИЙИКТИК

...Ал кезде мен тынч албаган шок экем,
Анда көрсө, азыркы ойлор жок экен.
О, ал кезде күлүп турчу Күн дагы,
Көрсө, Күн да көөдөн тешкен ок экен...

...Келди минип оттой жанган курагым,
Комуз кылып сүйүү кылын бурадым.
Ал кез кетти самаганга жеткирбей,
Ара жолдо алдан тайып куладым.

Анан келди токтоо тарткан жигиттик,
Далайларды ырлар менен жибиттик.
Бирок дале акын болбой атактуу,
Жашап келем көздөн учуп бийиктик.

Кетээр бу кез. Келээр ойчул карылык,
Чоң үмүттөн, кур кыялдан арылып.
Кучак жеткис кенен аалам муштумдай,
Кичирейип, басар жерим тарылып...



## МИТАЙЫМ

Жолдошу бөрү болсо бөрү болуп,
Жолдошу лөлү болсо лөлү болуп,
Барпандап сырты күлүп турган менен
Башканы сүйбөйт ичи көөнү толуп.

Өзгөртүп жагдай менен керек саат,
Өзгөгө ар кыл заар сынын тагат.
Түлкүдөн куулук жактан ашып түшөт.
Түпөйүл оюн айтпай «чоңго» жагат.

Өмүрү мансап, байлык, атак самап,
Өргө эмес, билинбестен төмөн агат.
Кыйшык ой кыйындыктын белгиси эмес,
Кың дебей уккан гана «чоңго» жагат.

26.01.94 Дароот-Коргон.

## КҮНДӨР КЕТСЕ...

Күндөр кетсе күмүш жорго токунуп,
Күлүп-жайнап жүргөн кезде окулуп,
Кала берди эстен чыгып көп ырлар.
Кайра аларды эстебедик отуруп...

Эскерүүлөр, ойлор, кыял, үмүт, ыр...
Адамдар, биз — ачылбаган туюк сыр,
Дагы алдыда нелер күтөт белгисиз,
Дагы алдыда тосот бизди канча кыр...



## САРАТАН

Жашын төгүп дүйнө, асман эчкирип,
Жаан менен кошо келет кеч кирип...
...Кайгы дагы, кубаныч да бир кезде,
Калар күн бар, эстен чыгып, эскирип.

Сайда саны, кумда калбай издери,
Сансыз кылым кимдер бакыт издеди?
Өмүр — асман бетиндеги жылдыздай,
Өчүп-жанат өзгөрүлүп тизмеги...

Өчөт жылдыз, өтө акырын билинбей,
Таңда кетип, түнү кайра дирилдей, —
Адам жанын кайра келет деш кыйын...
Талкаланса таштай болуп бириндей...

Баштан аяк бүт өмүрүм карасам,
«Башка ой жыйып, санаа кечип баратам.
Сенин өмүр сүргөнүңөн не пайда?» —
Деп, жанымаи учуп өттү саратан.

## БИРИ КЕМ ДҮЙНӨ

Өмүрдүн арты кыя, алды туман,
Бирде зоо, бирде жарга каптап улам.
Мергендей пенде артынан ээрчип келет,
Кырсыктар көзгө илешпей элең-булаң...

«Чоң» болгун, «кичи» болгун, бары бирдей,
Жаза өтпөйт тагдыр аткан огу тийбей.
Гений бол, аалам сырын ачам деген,
Өтөсүң жүздү билсең, минди билбей.

Адамга «жаман», «жакшы» деген сын жок,
Жамандын жакшы жагы бар го бир топ...
Жакшынын деле кемтик жактары бар,
Бири кем бул дүйнөнүн өзүнө окшоп.

1992-ж.



## ЖАШООМ БҮТ БОШКО КЕТКЕН ШАМАЛ ӨҢДҮҮ

Белгисиз кусалыктар жүрөктү эзип,
Бекерге өттү күндөр чубап улам.
Каяктан келгенимди туюк сезип,
Каякка барарымды билбей турам.

Күндөрүм куса менен мелт-калт болгон,
Жылдарым санаалардын жыйындысы.
Оо, кудай! Не жараттың? Азап толгон...
Өмүрдүн теңи кайгы...сыйыңбы ушу?

Жарыкка келдим, кеттим, эмне пайда?
Жашоом бүт бошко кеткен шамал өңдүү.
Шондуктан ичем, чегем таппай айла,
Санаасыз жата турган самап гөрдү.

22.05.94. Дароот-Коргон

## СЫРЛУУ САНДЫК

Дүйнө, сен, жазып бүткүс улуу дастан,
Тайгак бел, тар кыялуу, жолу болбой,
Эчендер мүдүрүлүп, ташыркаган,
Эчени арыла албас муңга баткан,

Дүйнө, сен айтып бүткүс албан жомок,
Башталган башаты жок, акыры жок;
Эсепсиз жылдар бою айтса дагы,
Эскирбес, же бөксөрбөс. Улам толмок.

Дүйнө, сен, түбү терең чексиз тарых,
Эсте жок эчен кылым калды карып.
Миң бурум чыйырыңдай изин куул,
Башатын таппай, кайтам улам барып.

Дүйнө, сен, ачылбаган сырлуу сандык,
Сырыңды табабыз деп канча каздык!
Биз жакын калган сайын сырың алыс,
Же биздин кубатыбыз кылабы аздык???

10-ноябрь 1991-ж.



## БИЛБЕЙ НЕГЕ ЖАРАЛГАНЫН ТҮШҮНБӨЙ

Билбей, неге жаралганын түшүнбөй,
Ар бир күнү көргөн жаман түшүндөй.
Ак баракка сырын төгүп бир адам...
Жашап келет колдон калем түшүрбөй.

Сырдашары, жалгыздыкта ынагы,
Сыя, калем, анан тигил чырагы.
Буулукканда бүгүн төгөт ыр менен...
Бул да тагдыр эрмеги го сыягы...

Бала чактан бапестеген кыялы,
Ишке ашпады. Бекер чачты сыяны.
Ырахаттан үч-эсеге көбүрөөк
Коштоп келет ар бир күнү ый аны,

Барга, жокко кайыл болуп ичинен,
Ишке барып, кайра кайтып ишинен.
Эл катары кыбырап келет билинбей.
Түндө ыр жазып көздүн асты шишиген...

Ал бир ойчул, ал бир кыял адамы,
Адал ниет, оюнда жок арамы.
Керел-кечке кыялына чөмүлүп,
Тириликте сарандардын сараңы.

Ал сүйүүгө өтө кумар тойбогон,
Жерде жүрүп, жети асманды ойлогон.
Аял затын аша жакшы көрөрүн
Танбайт. Ага эч бир күмөн койбогон.

Уч-кыйырсыз узун жылдын санагы,
Көп ойлорду эрмек кылып жанагы,
Өтүп барат, өксүү ширеп жүрөккө,
Акын болсо баягысы, баягы...



## ЖАШООНУ КАНТИП ЖАМАН ДЕЙМ

Өмүрдө ар бир көз ирмем,
Өзгөчө таасир калтырат.
Бүгүнкү түшкөн иңирден,
Эртеңки ак таң жаркырап.

Кайгырган жүрөк жана эле,
Кайрадан күлөт, кубанат.
Жанагы тамган жаш деле,
Унутулат. Жашоо уланат.

Ушинтип сансыз көз ирмем,
Өмүрдү түзүп турат бейм.
Жаманды жакшы кечирген,
Жашоону кантип жаман дейм!

1991-ж., Шадринск ш.

## ӨМҮР

Кээде сен бак-таалайым ашырасың,
Кээде сен сырларыңды жашырасың.
Кээде сен зарыктырып, алга жылбай,
Кээде сен көз ирметпей атыласың.

Үмүт бар өмүр, сенде, үзүлбөгөн,
Кайрат бар өмүр, сенде сүзүлбөгөн.
Өмүр, сен, төрт тарабың төп келүүчү,
Нерседен түбөлүктүү түзүлбөгөн.

Барыңа барпандабай, ичке сыйып,
Жогуңа кайрат кылып, жашты тыйып.
Бактысыз кылсаң дагы жашоодо сен,
Баари бир кеталбадым сени кыйып.

Жалал-Абад ш., 1992-ж.



## КЫЯЛЫМ БОЛО АЛБАДЫ УЧАР КАНАТ

Көөдөндө түпөйүл ой, чөгөт көңүл,
Көрүнбөс сезимдерге алдырамын.
Шерменде буга чейин өткөн өмүр,
Шердентер ойду качан жандырамын?

...Тынчтыкты бузуп тамчы тамат... тамат,
Тыпылдап, кардан ээрип түшкөн сайын.
Кыялым боло албады учар канат,
Кымбаттап сактап жүргөн кышын-жайын.

Азгырып үмүт мени алыс жакка,
Сезимдер зеригүүнү пайда кылат.
Барар жак алыс. Кудай, өзүң сакта!
Байкалбайт кимдер маа кас, кимдер ынак...

Дароот-Коргон айылы, 1993-ж.

4—7826

## ЭРИНИМ КЫРКА ТИШТЕП КЕЛЕМ ЖОЛДО...

Өмүрүм баштан—аяк чубап көрсөң,
Өкүткө салат чындап, арты болбош...
Эриним кырка тиштеп келем жолдо,
Эсинен качып чыккан жоргого окшош...

Сары-Булак айылы.



## КЕЧ КЕЛЕТ БАКТЫЛУУ КҮН

Өмүрлөр жоготууга, билем, толгон,
Канчалар каалоосуна жетпей соолгон.
Күткөндө зарыктырып тилегенин,
Керексиз бир учурда чыгат жолдон...

Кеч келет бактылуу күн эмне мындай?
Күткөндө зарыктырып мүнөт жылбай.
Кылымга татып кыйын сааттарын,
Кызык кез тез ырдалып бүткөн ырдай...

1990-ж. Жалал-Абад шаары.

## ЖАШООНУН ЖОК ЖАҢЫЛДЫРБАС ТҮЗ ЖОЛУ

Жаңылабыз жылтылдаса күйдү деп,
Жаңылабыз жылмайганды сүйдү деп.
Жаңылабыз көп сүйлөсө чечен деп,
Жаңылабыз жашоо сырын чечем деп.

Жаңылабыз Шекспирден ашам деп,
Жаңылабыз күлүк атты кашаң деп.
Жаңылабыз жалгыздыкты дөөлөт деп,
Жаңылабыз жакшылар тез өлөт деп.

Жаңылабыз бир жолу эмес жүз жолу,
Жашоонун жок жаңылдырбас түз жолу.

Жалал-Абад шаары.



## ЖАЛГЫЗДЫК

Жалгыздыкты акыреттик дос кылып,
Жашоонун мен далай кечтим баткагын.
Жылмаюуга жашырынган сыр болот...
Айтып берем, келчи, курбум, качпагын:

— Көөдөй түндө көөнүм азат, кыйналам.
... көп ичинде жүрсөм деле жалгызмын.
Байлар, бийлер бирин бири сыйлаган...
Коом башка... жолу башка жалгыздын...

Асыл курбум, болалбайсың сен Жалгыз,
А мен сенин турмушунду сүйбөймүн;
Арабызды бөлүп турган нерсе бар:
Сен кыйтырсың... а мен ачык сүйлөймүн...

Төлөйкөн айылы, 1996-ж.

## ЖАШОО

Жашоо — таймаш, чымырkануу бүтүндөй...
Жамандыктар эшик кагат күтүлбөй...
Өмүр куну бир карасаң баа жеткис,
Бир карасаң арзыбаган жүкүмдөй...

Жашоо — күрөш, жаңылышка жык толгон,
Бу жарыкта акын жүрөт бук болгон:
Кайда болсо, жашоо сыры — туңгуюк,
Кайда жүрсө өлүм сыры — кулп коргон.

Жашоо — сапар, уч-кыйырсыз улаңган,
Акындардын көз жашына чыланган.
Курсак үчүн кара жанын карч уруп,
Кубанычпы кур намыска сыланган?!

Сары-Булак айылы.



## ЖАРАЛГАНЫҢ — КАЛГАНДЫГЫҢ БАЛЭЭГЕ...

Жаралганда эрксиз эле жаралып,
Жашоого анан кумар артып оболу,
Акырындап түшүнгөн соң дүйнөнү,
Анык, досум, ызалыктын тороору.

Ыйык болуу мүмкүн эмес адамга,
Ыйманың да тирүү жүрсөң булганат.
Жинди гана кайгы тартпайт томсоруп,
Жинди бойдон, болсо эгерде туулганы ак.

Түбөлүктүү, өзгөрүлмө түрү бар,
Түркөй ушул опосу жок дүйнөдө
Жандай сүйгөн досум, сенден сурарым,
«Жашоону мен билемин» —деп сүйлөбө.

Төрөлгөндө эрксиз эле төрөлүп,
Тирүүлүктүн чымырkануу жолу бар.
Бизге чейин болгон жашоо салты ушул.
Кийин деле так ушинтип жол улар...

Дааpoот-Коргон.

## МУЗЫКА

Сөз менен айталбаган сезимдерди
Сөөккө жеткире айтат кайрык менен.
Музыка сыры ушундай табышмактуу,
Музыка сыры ушундай өтө терең.

Сырларын тирүүлүктүн айткан өңдүү,
Сыздоосу ичтен боздоп жаткан өңдүү,
Бир кайрык менен аалам туманданып,
Бир кайрык менен ак таң аткан өңдүү...

Сүйүүнүн сөз айталбас үнүн табып,
Сүйгөнгө айтып берет оңой гана.
Какшыган сезимдердин чөлкөмдөрү
Кайрадан гүлдөйт. Кайра үмүт жана..

Сары-Булак айылы.



Көп жылдарды кубанычсыз өткөрдүм,
Көкүрөгүм аз толуп, көп бөксөрдүм.
Тикен өңдүү көзгө сайган капыстан,
Тирүүлүктүн акмактыгын көп көрдүм.

Ачуу болду таттуу ойлоп ичкеним,
Атакка эмес, абийир үчүн иштедим.
Акмак берген ууларды көп ичтим да,
Акылдуунун сунган суусун ичпедим...

Бакыт үчүн сатканым жок арымды,
Башкалардан артык сүйдүм жарымды.
Каалсам да жакшылыкты адамга,
Качан жүрөк кайгы-муңдан арылды?

Кыйынчылык чыйрак кылды... Жүрөмүн...
Араңарда жүргөн мен да бирөөмүн.
Өз жүгүмдү тартып келем өзүмчө.
Зыян кылбай турмушуна бирөөнүн.

Ош шаары, 1995-ж.

## ЖООП

Жамандык менде да бар — жашырбаймын,
«Ал акмак» депсиң, ага басынбаймын,
Анткени менден өткөн акмак сенсиң,
Мен сендей туш келгенге таш урбаймын.

«Арамза» деген сөзгө ачынбаймын.
Жалкоолук кылмайым бар, жашырбаймын.
Карч уруп, кара жанды иштесең да,
Бакыт жок маңдайына жазылмайын.

Ыр жазмай кышын-жайын кесёлим бар.
Ырыма дөмөөр берген Есенин бар.
Короом бош, койнум өлбөс ырга толо,
А сенин өлөөр уй, кой, эшегиң бар...

Сары-Булак айылы.



Карачы, тээ карлыгачты, тигине,
Көзүн албай тиктейт бизге тигиле
Ал да өмүрдүн түшүнө албай максатын,
Оролгонсуйт ойдун учсуз жибине.

Көрчү мобу шуудур эткен жалбырак,
Бирде ой басып, бирде жүзү албырат.
Куусун чалып түшүнүксүз дүйнөнүн,
Туңгуюктуу ойдун отун жандырат.

Көзүң салчы тээ томсоргон аскага,
Олтургансыйт ой элеси аскада.
Жымжырт. Жымжырт... сырын ачпайт
кең дүйнө,
Адам ою чабалактап жатса да...

20.04.92. Петропавловск шаары.

Келбейт менин генийлерге теңешким,
Азырынча, акын дагы эмесмин.
Ким, эгерде өзүн сезсе даанышман.
Акыл алпы — Конфуцийге теңешсин...

А мен болсо ойлогондой жаза албай
Жүрөгүмдүн угуп келем жемесин.
Ага айла жок. Табийгаттан эмне алсаң,
Кыл коротпой кайра өзүнө бересиң;

Жолоочудай акыры жок жол менен,
Максат кууп, сапар улап келесиң;
Колдо турган ырыскынды кээ бирде,
Баркын билбей, бутуң менен тебесиң;

Биз пенделер ушундай бир сырдуу жан
Жарыглыкты сүйөсүң да, жээресиң;
Алаксытып өзүңдү ар кыл иш менен,
Алга таштап үмүтүңдүн желесин...



Канбадым сөздөрүнө улуулардын,
Канбадым көздөрүнө сулуулардын.
Канбадым жарыглыктын сырларына,
Канбадым жакшы акындын ырларына.

Анан да эч бир канбай келе жатам,
Муң черткен музыканын ыргагына.
Канбадым жараткандын жазасына,
Канбадым махабаттын тазасына.

Канбадым, кандай келем өмүргө мен,
Картайбас ойлор жыйнап, көңүлгө мен.
Ушинтип кең дүйнөнүн кейиштерин
Көтөрүп кете берем өңүргө мен...

Сары-Булак айылы.

Кеч кирип, күүгүм басты айлананы,
Шамалдай ойлор түндү айланабы?
Суз тартып, сырын каткан мейкиндикте
Сур булут жылат, шамал айдап аны...

Көнүмүш болгон сапар-жолу менен,
Көөдөнгө из сала албай, куру гана,
Күндөр да кетип барат тобу менен,
Түндөр да суктандырбай оту жанат...

1993-ж., апрель, Дароот-Коргон.



## БАКТЫЛУУ АДАМДЫН ДА АРМАНЫ БАР...

Түн-Күндүн ажырагыс түгөй-жары.
Түгөйлүү бу дүйнөдө баары-баары...
Акылдуу — акмак, наадан —гений жана...
Аарынын балы да бар, болот заары.

Кубаныч, кайгы бирин-бири сүрөт
Кууралың, жыргалың да ала жүрөт.
Айрылгыс чыгмалышкан ак, карасы
Ааламга түтүп жүргөн даңк саа жүрөк!

Бактылуу адамдын да арманы бар,
Байдын да жетпей ичте калганы бар.
Бечара кейпин кийип жүргөндүн да
Дүйнөнү бир таңдантар дарманы бар...

1994-ж., январь, Дароот-Коргон.

## ЫЙМАНДАЙ СЫРЫМ САГА ЖАКПАЙ КАЛСА...

Ыймандай сырым сага жакпай калса
Ырымды отко салгын шылдыңдабай.
Ыйманы ыпластарга, билем мен да,
Ырахат тартууларын шылдыңдамай.


Сөз кылсаң менин жаман жактарымды,
Сенде да кемчилик бар, жашырбагын.
Күнүбүз түбөлүккө турбайт, эртең...
Күнөөнү өз башыңа ашырбагын.

Жарыктан күнөөсү жок өтүү эгер,
Жан үчүн мүмкүн болсо, Жаратканым,
Так ошол менин дагы көксөгөнүм,
Так ошол багыт менин баратканым!





# ТУУЛГАН ЖЕР ТУУРАЛУУ ЫРЛАР



## ЭСКЕ ТҮШӨТ БИЗ ОЙНОГОН ТАЛААЛАР

Жер эзилген... асман туман... мунарык...
Жан дүйнөм да турат азыр тунарып.
Перенделер топ-топ болуп учушат,
Тоолор жатат илбирс өңдүү суналып.

Терезеден тоону карайм боз чалган,
Эске түшөт биз ойногон талаалар,
Ташы тилген таманымды жол калган...
Эскерүүдө жылмаюу бар, санаа бар...

Сары-Булак айылы.

## КАРГЫШ УРААР ТАШ ЫРГЫТСАМ ИТИҢЕ...

Тоо тунжурайт, тартып койгон сүрөттөй,
Ак булуттар кол жетпеген мүрөктөй,
Аска учунда бир саамга жай алып,
Токтой калды, тоо желине сүрөтпөй...

... Улуу деңиз тамчысындай кичине,
Ушул айыл тартып турат ичине,
Кагылайын караанынан, айылым,
Каргыш ураар таш ыргытсам итиңе.

Не ажайып, не бир көркөм жерлер бар,
Жайнап турчу жазда, кышта түшпөй кар.
Бирок сенден ашкан көрктүү жер болбос!
Сенде жүрүп мен өзүңө ашык, зар.

Сары-Булак айылы, 1991-ж.



## САДАГАМ МЕНИН — САРЫ-БУЛАК

Чоң-Алай бийик жердин бийик жери.
Чоюлат ак булуттар бийиктеги.
Тармал чач булут жандап так секирет.
Таш урчук аскасында кийиктери.

Сары-Булак — ыйык жердин ыйык жери.
Сабырдуу булуттарын жыйып бери.
Сагынып келгенимде тосуп чыгат.
Саргайган күздө да өчпөй жаздын мээри.

Сары-Булак, топурагың— кымкап баркыт,
Сагынып келе берем сүйүүм артып.
Алыста кандай гана жер көрбөдүм.
А бирок жер көрбөдүм сенден артык.

Сары-Булак жашыл ыраң, чакан колот.
Саары-кеч Сары-Таштан шамал согот
Атактуу акын болсом деген бала,
Анык сөз —Сары-Булактык бала болот.

## ЭСИҢДЕБИ МЕНИН ТЕНТЕК ЖАШТЫГЫМ?

Бирин-бири жөлөп-таяп түбөлүк,
Бийик тоолор жашап келет ынтымак,
Адамдардай кыянаттык кылышпайт...
Адамдардай чыгарышпайт ынкылап...

Ойноок менин кезим калган ажайып...
Оо, айылым, чанбас алтын бешигим.
Карыз болуп жүрсөм дагы өзүңө,
Качан келсем ачык мага эшигиң.

Эсиңдеби мен ымыркай кездерим?
Эсиңдеби менин тентек жаштыгым:
Айнектерин чагып чабан үйүнүн,
Үйдү көздөй чымын-куюн каччумун.

Келтек да жеп кээ бирөөнүн колунан,
Ыйлап калган күндөрүм да эсимде...
Эх, Балалык жүгөнү жок тай белең,
Азоолонуп тостурбаган кезинде.

...Аркар мекен кылган тоого жайлоого,
Атка боз үй артып чыгып эл менен,
Анан кайра күздүн салкын күнүндө
Кайтар элек оюлмалуу бел менен.



Теректердин күүсү сырдуу шуулдап,
Тосуп алчу тээ айылдын оозунан.
Күздүн жытын айдап келчү желаргың,
Аска зоолуу Алай кырка тоосунан.

Шамал менен тең жарыша ойногон,
Балалыгым калган сенде сакталып.
А биз болсо кылчаюуга чоло жок,
Мезгил менен баратабыз сарпталып.

...Эшек минип таң заардан мектепке
Барган жолдор турар бизди сагынып.
А биз мезгил тамчысындай кичине,
Баратабыз тунгуюкка агылып...

## ТУУЛГАН ЖЕР

Аптапта чыгып барып адырыңа,
Айталбас сулуулукту көрдүм бүгүн.
Дидарың сагынып мын, моокум канбай...
Дилимде түшпөсүн деп турдум күүгүм.

Атыр жыт аңкып бүтүн айланамда
Ажайып сезимдерге чумуп кеттим.
Көркүң ай! Көп эле жер көрсөм дагы,
Көңүлгө жылуулукту өзүң септиң.

Эски жол... жол боюнда таштарың да
Эзелки ынак достой дилге жакын.
Сулуулук өзүңдөгү суктандырып
Суз мүнөз болсо дагы ырдады акын...

1994-ж., Дароот-Коргон айылы.



## ТҮНКҮ ШААР

Аяздуу кыштын түнү келем жолдо,
Акылды баш-аламан ойлор баскан.
Ээсиндей бул дүйнөнүн кара мүртөз,
Эсепсиз көзүн кадап карайт асман.

Суналып жаткан жолборс сыяктанып,
Сулк түшүп жатат тоолор кылымдарга.
Оң жакта түнкү шаар... жарыктары
Окшошот өчпөй калган чылымдарга.

Дал ошол чылымдардын далдаасында,
Бир адам ыйлайт дүйнө тардыгына.
Даа бирөө байлык менен дөөлөткө мас,
Ыраазы бул турмушта бардыгына.

Так ошол чылымдардын арасында,
Дүйнөгө келди даа бир адам — жаңы.
Даа бирөө кош айтышып жашоо менен,
Жарыкта өчтү армандуу үмүт шамы.

Санатсыз доорлордун ыйын угуп,
Санатсыз кылымдардын сыйын көрүп,
Жылдызы тээ алыста өчөт, жанат.
Жыргалга, азаптарга бүткөн көнүп.

Сыртынан түнкү шаар жансыз өңдүү,
Кым-куут болгон менен ал жарыкта.
А тоолор кай доордон карабагын,
Бир сырдуу, бир мүнөздүү, бир калыпта...

Аяздуу кыштын түнү келем жолдо,
Акылды баш-аламан ойлор баскан.
Ээсиндей бул дүйнөнүн кара мүртөз,
Эсепсиз көзүн кадап карайт асман.

1995-ж., 5-декабрь, Ходжент шаары.



## КҮЗ КЕЧИ

Күз кечи... чоктой кызыл булуттарга
Күмүш Күн жашырынып батып барат.
Мен болсо оорул жатам, ээн бөлмө,
Колумда калем сабым, актай барак...

Ууру адам баарын ууру ойлогондой,
Оорунун оору түшөт санаасына.
Ээ эмес адам жеке тагдырына,
Тагдыр ээ адамзаттын баласына.

... Алыста тоолор жатат мунарыктап,
Булутту калпак кылып кийип алган,
Өзүн ал канчалык пас сезсе дагы,
Калпагы көк асманга тийип калган...

Адашкан перенделер жалгыз-жарым,
Ак карлуу тоону көздөй өтөт кайкып,
«Чынында эркиндик жок эч бир жанга...»
Дегендей өздөрүнчө бир нерсе айтып.

Күз кечи... чоктой кызыл булуттарга
Күмүш күн жашырынып батып барат,
Мен болсо ооруп жатам, ээн бөлмө,
Колумда калем сабым, актай барак...

Ош шаары, 1995-ж.

## ЖАМГЫР

Жамгыр... жамгыр эскерүүнү айдаган.
Эрте баар. Жаз кайрылып кайрадан.
Адырларда буу туманы самсаалайт.
Муздун сынган үнү угулуп дайрадан.


Жердин дагы делебеси козголуп,
Турган кези жаз жытына эңгиреп,
Тоо да, түз да бир ажайып коолдолуп,
Жазга баары сезимдерин жеңдирет.

Жамгыр жууп кеткен чексиз ааламда
Шүүдүрүмдөр жерге тып-тып тамчылайт.
Көз токтотуп ойго бата калам да
Эргип турам бир керемет барчылап.

Кубанычтан тамган жаштай туптуңук!
«Бах» деп алам мен өзүмчө умсунуп
Ушул кооз сыйкыр дагы оомал ээ?
Калар кышта эскерилбей унутулуп.

Каратай айылы. 1992-ж.





# ЫШКЫ ЫРЛАРЫ

## КӨЗДӨН УЧКАН ЖЭЭГИ БОЛДУҢ ДЕҢИЗДИН

*Өмүрлүк жарым Арзыканга арнаймын*

Көздөн учкан жээги болдуң деңиздин,
Көксөттүрдүң, махабатым дедирдиң.
Ансыз деле азап толгон дүйнөмдү,
Алагдыга салдың, неге элирттиң?

Терезеден түндү карап олтуруп,
Терметем ой, барактарды толтуруп.
Таалайым да, тозогум да сен белең,
Тар жолго мен түштүм, кенен жол туруп.

Жылдыз белең суктандырган бийиктен,
Жылуусу жок жүрөгүмдү ийиткен,
Кайдан жүрүп калдык экен жолугуп,
Кандай сыйкыр тоң сезимди жибиткен?

Табышмагым... жакынсың да, алыссың...
Тагдыр экен... капысынан тааныштым.
Түшүп калып зынданына сүйүүнүн,
Түйшүгүндө жүрөм айла табыштын.

Кармагансып менден башка колуңдан,
Карагансып менден башка жолуңдан,
Кызганамын, чочуп турам түшүмдөн,
Кыйнабачы... бошот мени торуңдан.

Түн уйкумдан эчен ирет ойгоном,
Түйшөлөмүн, уйкум качат, толгоном.
Жашоо, дүйнө, адам, сүйүү, турмуштун,
Жашырынган сырын издейм, — ойлоном.

Чачар нурун, жакын калды таң дагы,
Чабалактап тынч албады жан дагы.
Түнү бою кирпик көзүм ирметпей,
Түркүн ойлор келе берди кайдагы...

Сен жанымда болсоң жүрөм бейиште,
Сен болбосоң секундум да кейиште,
Себебин мен түшүндүрүп бералбайм,
Сен мен үчүн бир жаралган периште.

Петропавловск шаары (Казакстан республикасы) 1992-ж.



## САА ДЕГЕН КУМАР ОТУМ ЖАНАТ НЕГЕ?

Кымча бел, аппак балтыр, ак куу моюн,
Турнанын турпатындай сулуу боюң.
Көргөндө көңүлүмдүн түпкүрүндө,
Чагылган «чарт» дей түштү, козгоп оюм.

Тамырда жалын агып бараткандай!
Табышмак болуп капыс таң аткандай...
Жашоонун кунары суз болбос үчүн
Жалжал көз Кудай өзү жараткандай...

Санааны унуткарып заматта эле,
Саа деген кумар отум жанат неге?
Көз тийип кетпесе экен, көгүчкөнүм,
Гөзөлгө көз артышат эмес беле...

Жашоонун көркү сенин барың дагы,
Жанында жүргөн тигил жарың дагы.
Башкага кумар артып коёр кээде...
Адам да канткен менен аның дагы...

Сары-Булак айылы.

6—78.6

## ЖАЙЛООДО ЖУРТТАР КАЛДЫ БОП-БОЗ БОЛУП...

Куюндар түнөк кылган түзөңдөрүн,
Жайлоодо журттар калды боппоз болуп.
Айылдык ачык мүнөз, наздуу селки,
Эсиме түшкөн сайын кусам толуп...

Кайрадан көргүм келет... көргүм келет,
Желбиреп келаткансып аппак жоолук.
Кайдадыр алып кеттиң сезимдерди,
Булактын тамчысындай акак, тунук.

Баякы эсте калган жайлоо кечи,
Чогулуп, ар кыл кызык оюн куруп...
Ошондо бир карашың өмүр бою
Өзгөрбөс кылып ойду кетти буруп.

Ошол кеч бир сагыныч сезген элем,
Тарабай келет ошол сагынычым,
Буйрубай калган экен пешенеме
Үйүмдө чырак болуп жагылышың

Сени да мендей кыйнайт болду бекен
Сезимге сиңип калып сагынычың...
...Куюндар түнөк кылган түзөңдөрүн,
Жайлоодо, журттар калды боппоз болуп...



## СУЛУУЛУК

Манжаңар наздуу кармап бүчүлөгөн,
Манаттай суктандырган бүчүңөрдөн!
Каниет бул турмушта барыңарга!
Кагылып кетсин акын түсүңөрдөн!

Күмүштүн шыңгырындай күлкүңөрдөн,
Күкүктүн тумшугундай үрпүңөрдөн!
Айга окшош тептегерек көзүңөргө
Ажайып сезим тартып, түртүлөм мен.

Жарк эткен жакут, каухар тишиңерден,
Жармашкан белдигиңер ичиңерден,
Акырын ийилчек бел имерилип,
Астейдил бүтүп койгон ишиңерден.

Үйлөргө чырак болгон кутуңардан
Үлпүлдөк этек серпкен бутуңардан.
Убайга салбай, өп деп койгула, эй,
Уялап, күлкү конгон ууртуңардан.

Сулуулук берип кудай өзүңөргө,
Суктантып койгон тура сөзүңөргө.
Санаалар баспаса экен жүзүңөрдү,
Сагыныч, куса толуп көзүңөргө.

Ышкы отун жагып таштап кетпегиле,
Ырыма муздак сууну сеппегиле.
Мээси жок кандай неме десеңер да,
Мейличи, ичиңерден жектегиле.

## КҮНӨӨКӨР КУДАЙ ӨЗҮ...

Арзыканга арнаймын

Өзүмдү алаксытып, алдап дайым,
Өзүңдү «самабайм» деп айткан сайын,
Санаага салып, ичтен кыйнап келет,
Саа деген сагынычым кышын-жайын.

Жанымда жүрсөң сенин баркың билбей,
Жаман сөз айтсам кээде, көңүл кирдей...
Унутчу, ошол жаман сөздөрүмдү,
Уусу жок бул дүйнөнүн заар тилдей.

Алдыргам арам ойго анда-санда,
Аларды эстеп, жаным отко салба.
Сен мага ый тартуулар ырыс болдуң,
Себеби?... Табигаттын сыры го ал да...

Толумсуз, көзгө супсак бүтүн дүйнө,
Томсорот бардык буюм сенсиз үйдө.
Күнөөкөр кудай өзү, Садык дагы!
Жашоону ырахат деп ойлоп жүрбө.

Дароот-Коргон, июнь 1994-ж.



## САГЫНСАМ МЕН АМАН-ЭСЕН ЖҮРӨТ ДЕ...

Көңүл самайт бир өзүңдү көрсөм деп,
Көөдөн мунун сени менен бөлсөм деп.
Көкүрөккө бек кучактап турпатың,
Көралбастан ыйлагыдай өлсөм деп.

Сактап сенин элесиңди жүрөктө.
Сагынсам мен аман-эсен жүрөт де.
Өмүр-санаа, санаа тартам шондуктан.
Өлсөм жансыз калаар элем сүрөттө.

Сен бар болсоң качпас бизден жолугуу,
Секин жыттап, баштап алсам жоолугуң,
Сезимдерди бүт дүргүтүп кечээки
«Селт» эттирген түштү жакшы жорудум.

Кудай мага бактысын жок бергиси,
Куурал-жыргал — тирүүлүктүн белгиси.
Балким бакыт, ушул сүйгөн жылдарда,
Баарын чанып, сен деп жүрөк эргиши.

Дароот-Коргон айылы

## АЛДАП КЕТКЕН ЖЫЛДАР

Эчак артта калып кеткен бир элес
Кайра-кайра көңүлүмдө жагылат:
...Анда биздин мектептеги кезибиз...
Сенин толуп турган кезиң —агың ак...

Жыпар жыттуу тоо гүлдөрүн тартуулап,
Көңүлүңдү алууга биз ашыгып...
А сен болсо сырдуу гана жылмайып,
Койоор элең сырыңды ичке жашырып.

Эстейсиңби, ал жылдарды кээ кезде,
Таптыңбы же жылтыраган бактыңы?
Кыз кезинде сугун артчу көп жигит.
...Кыйын баалай билиш аял баркыны...

Эчак артта калып кеткен бир элес
Кайра-кайра көөдөнүмдө жагылат:
...Анда биздин мектептеги кезибиз...
Сенин толуп турган кезиң — агың ак...

Сары-Булак айылы.



## УЛАМ-УЛАМ КАЙРЫЛАМЫН ӨЗҮҢӨ

Улам-улам кайрыламын өзүңө,
Улуу турмуш дастанындай бүтпөгөн.
Ошондо эле... сенин бир жалт карашың,
Оор жүгүн махабаттын жүктөгөн.

Жары болдуң бир кыялкеч акындын.
Жайы-кышы китеп менен алышкан.
Биз эмеспиз, чындыгында тагдырлар
Бирин-бири издеп жүрүп табышкан...

Сары-Булак айылы.

## ЖҮРӨСҮҢБҮ СЕН ДА МЕНДЕЙ САГЫНЫП?

Түн. Телмирет түпкүч сындуу Ай дагы
Түнөгү жок ойлор менде кайдагы?
Кыялкеч кыз мүнөзүндөй — жароокер,
Кечти эстедим жыпар жыттуу жайдагы...

Көкүрөктө көңүл оту жагылып...
Көп жай кетти андан бери агылып.
Бирок бир да бет келише элекпиз,
Жүрөсүңбү, сен да мендей сагынып?

Сары-Булак айылы.



## КОЛ ЧАТЫР

Бүгүн дагы жамгыр жаады токтобой,
Бирок бул күн ал күнүмө окшобой...
Ушунчалык сагынамын сени мен,
Бир да мүнөт туралбаймын жоктобой.

...Өзүм жалгыз көчө бойлоп бараттым
Өзгөчөм — ай! Өткөн күндү саматтың.
Өксөө болуп көрүшпөгөн күндөрүм,
Өзөктү өрттөп, ушул ырды жараттың.

Дыбыратып колумдагы чатырым,
Жаап жатты жамгыр деле акырын.
Чекесинен тамчы тамат көз жаштай,
Сенин жашың болбосо экен, асылым.

Жалал-Абад шаары, 1992-ж.

## СҮЙБӨЙ ТУРУП САДЫК ЖАЗГАН ЫРЛАРДЫ...

Куштар кылдың, үмүт бердиң жарыңа,
Кубанамын, асылкечим, барыңа.
Экөөбүздүн төп келишпей сюбуз,
Турган кезде калсам дагы таарына.

Жек көрбөймүн. Капа болбос ким дейсиң?
Сүттөй таза сезимимди кир дейсиң.
Сыр алдырбай турган менен турпатым,
Сыздап жүрөм, капа кылсам, билбейсиң.

Жароокерим, сүйүүдөн зор сыр барбы?
Жаңга, мендей сенден өткөн ыр барбы?
Сүйөм дейсиң, салкын карап жүзүмө,
Сүйбөй туруп, Садык жазган ырларды.

Сары-Булак айылы.



## ЫСМЫН ЫРДАЙ

Көөдөнүмдү жара тээп чыкчудай
Сагынычым батпай барат ичиме.
Менин дүйнөм алай-дүлөй бороонго,
Туш болгону менен кимдин ишине...

Ысмын ырдай... ыраа көрбөйм башкага
Булгап коер сыяктанып булагым.
Шек туудурса менин тунук, ак сүйүүм
Бакшыдан да, кудайдан да сурагын.

Тунук сүйүү болот дешет тарынчаак,
Кечиккениң таарынычка себепкер.
Бирок көңүл сүйүп турса тереңден,
Кечирүүгө толуп жатат себептер...

Мен бир кезде жаратканга жалбарып,
Жакшы жаңга туш болууну сурагам.
Жетимсиреп калат сенсиз өткөн күн,
Мечитке окшоп туш тарабы ураган.

01.10. 94., Дароот-Коргон айылы.

## САГЫНЫЧ


Сагынамын, сени мен сагынамын.
Сагынганда саа карай агыламын.
Баары бир тең жарыкта, өзүң — бир тен,
Балбылдаган көзүңө багынамын.

Ичтен кайрып сагыныч кайрууларды,
Ийип жаным, жолуксам кайгы-зарды
Унутамын, шол замат жыргай түшөм
Ушунчалык зарлаттың, айыбым барбы?

Сагынычтын тараар бир күнү барбы,
Садык ойлойт — сен болбой үйүм жарды.
Билигиндей чырактын аялдар көп,
Бирок сага тенебейм башка жанды.

Сары-Булак айылы.





# АРНОО ЫРЛАРЫ

## ТЕҢИРГЕ КАЙРЫЛУУ

Сындырып күндүн канча жебелерин,
Чындыкты чыркыратып тебеледиң.
Уятсыз кээ бирөөгө жыргал берип,
Уяттуу жанды ыйлаттың, кенебедиң.

Кылымдын бүктөмүндө калган нелер,
Кыйноодо бүт өмүрү өткөн кээлер.
Айбандын күнү менен жашап бирөө,
Арзыбай калган сөзгө айтаар, делээр...

Тарыхта эмне болгон... эмне өткөн?
Булуттар тек үнчукпай карайт көктөн.
Кыбырап өтпөй калган кейиптенип,
О, мезгил, кандай шарсың, кандай өктөм!

Сызылып мезгилдердин салаасынан,
Өзгөрбөй өтүп жылдар арасынан,
Бийикте Ай каалгыйт жалгызсырап,
Жакшылык күтпөй адам баласынан.

Ышкырып, ыйлап туруп, дароо токтоп,
Унутулуп калган мезгил ырын жоктоп,
Батыштан табышмактуу, шамал согот,
Башталып бүтпөй калган обонго окшоп...

Ош шаары, 1995-ж., ноябрь.

## ЖҮРӨ БЕР КӨРКҮ БОЛУП ТӨРДҮН, АТА

Кут болсун кутман курак жашың, ата.
Кудайым аман кылсын башың, ата.
Эч качан абройуң түшпөй жерге,
Өйдөгө кулап турсун ташың, ата.

Эчен көп азаптарды көрдүң, ата.
Эл менен жаман-жакшың бөлдүң, ата.
Жүз жаштын кырын ашып, тилегеним,
Жүрө бер көркү болуп төрдүн, ата.

Карылык өз дөөлөтүң берсин, ата,
Кары да өз жемишин терсин, ата.
Жашында келбей калган тилектериң,
Жашоодо кеч болсо да келсин, ата.

Баландан ушул белек болсун, ата.
Бакыттын кечи болбойт, консун, ата.
Баштыгың толбой келсе өмүр бою,
Балпайган карыя кезде толсун, ата.

Сары-Булак айылы.



## УКТА, УУЛУМ

Алдей, алдей, салчы мага өбөгүң,
Кагылайын, медер туткан, бөбөгүм!
Уч кыйырсыз сапарыңда жашоонун
Улары сен ата өмүрүн, жөлөгүм.

Эч ким билбейт эмне күтөт алдыда,
Жаратканга бирдей ханы, жарды да.
Жашоо деген — бычак мизин тебелөө,
Кадам ташта калтаарыбай алдыга.

Азырынча уйкулуу жаш курагың,
Укта, уулум, тынчсызданба, сураарым.
Бул өмүрдө уйкусуз да түндөр бар...
Уктап алчы, мен жанында турамын.

Сары-Булак айылы.

## ЖАН ҮКӨМ, САГА, ЖАН СЫРЫМ

(Үкөм Рустамга)

Сезимден түнөк берип кыялдарга,
Сен мендей алоолонгон көөрүк болбо.
Сестенткен кайгыларга туш болоорсуң...
Сен мендей басып жүргөн өлүк болбо.
Сеңселген кооз жерди, — мен билгеним,
Серт ырaң мүрзөлөрдөн бөлүп болбойт.

Бакыттын бара турган чыйыры эски,
Баланын кыялындай өчүп тынат.
Баарынан бийик ойуң кыйрап кээде,
Башыбыз пастыкка да таазим кылат...
Балким сен өзүң билген бир чындыгың,
Бакытка бара жаткан жолдо сынат.

Үмүттүн сапары да каарыйт, үкөм,
Үрөйүң учат бир күн аман болсоң.
Үйүлгөн максаттардын азы ишке ашып,
Үйүң да серт көрүнөт тамам болсоң.
Үлпүлдөк кыялдарың күбүп түшөт,
Үшкүргөн шамал, назик адам болсоң.

Санаалар саргайтканда жан дүйнөңдү,
Садыктай кусалыкка алдырбагын.
Салдай оор ойго башың малдырбагын.
Сактанып кыйынчылык башка түшсө,



Сабатсыз адамда да улуулук бар,
Сага айтаар ойум — көөнүн калтырбагын.

Сулууга суктанбагын сен мен өңдүү,
Сулуулук — азгырмалуу албарстыдай.
Сулк түшүп жыгыласың жетпей ага,
Сук турмуш — адам эмес кармашкыдай.
Сунулган колдор болсо сумсайтпагын,
Суу өмүр — буюм эмес алмашкыдай.

Бакыттын бара турган чыйыры эски,
Баланын кыялындай өчүп тынат.
Баарынан бийик ойуң кыйрап кээде,
Башыбыз пастыкка да таазим кылат.
Балким сен өзүң билген бир чындыгың
Бакытка бара жаткан жолдо сынат.

1996-ж., март айы.

## С. ЕСЕНИНГЕ

Көз нуру өтпөс тереңинен мезгилдин,
Көп даанышман жандар өткөн тарыхта...
Сырын билген менен улуу турмуштун,
Сый көрбөсө гений деле карып да.

О, Алп Акын! Мен айтайын дегеним:
Азап-шорго толгон күнү акындын,
Сансыз доор тартып келет акындар,
Санак жетпес кайгы-муңун акылдын.

Тирүү кезде көрбөсөң да урматты,
Түбөлүккө сыйлайт арткы муундар.
Сенин ырың өлүмгө да баш ийбес!
Сенин ысмың өчпөс кылар муун бар!

Дароот-Коргон, 16.09. 94-ж.



## С. ЕСЕНИНГЕ

...Улуунун улуу болот азаптары.
Урпактар жомок кылаар, өрнөк кылаар.
Көр пенде канчалык бай, бий болбосун
Көрүнбөй иши менен өлүп тынаар...

Чалынсам турбас жолдо бара жатып,
Чарчасам ырларыңдан кубат алам.
Тагдырын генийлердин түшүнө албай,
Өзүмчө кыңырылып, айран калам.

Тажабай ырларыңды көп жыл окуп,
Тагдырга жөлөк кылам, суктанамын.
Бак-таалай акын үчүн — азап тартуу...
...Башыма ырың жаздап уктагамын.

Сары-Булак айылы.

## СИЗДЕР ҮЧҮН, АЯЛДАР!

Бүгүнкүдөй жакшынакай күндөр бар,
Узак мезгил унутулбас өмүрдө
А бул майрам аялдардын майрамы,
Андыктан ыр аял заты жөнүндө:

Көркү силер көйгөйү көп турмуштун,
Ажайыпка айландырган дүйнөнү.
Кандай гана жандар өттү дүйнөдө,
Кимиси анын аял затын сүйбөдү?

Силерсиңер, булагы ушул жашоонун,
Аял — эне, аял — эже, Аял — жар...
Ошондуктан бүгүнкү бүт камылга
Сиздер үчүн, Сиздер үчүн аялдар!

8-март, 1993-ж.



## КЫРГЫЗ ТИЛИ

Кылымдардын чөгүп кетип түбүнө
Кыял жеткис алыс калды канча улут.
Калтаарышып залкар эпос сүрүнөн,
Канча тилдер эстен чыгып калды унут.

Кыргыз тили Бакай бабам сүйлөгөн
Кылым кезди, кебелбеди, соолбоду.
Менин тилим жок кылам деп дүйнөдөн,
Менменсиген далай хандар болжоду.

Жок кылалбай Улуу тилин кыргыздын,
Жоошуп кайра тең беришкен тагдырга,
Өчпөгөндөй жарык нуру жылдыздын,
Өчпөйт бул тил, анын жолу даңгырда!..

Дароот-Коргон, август.

## МЕНИН ЭЛИМ

Өз үлүшүн талашууда тарыхтан,
Менин элим мезгил менен жарышкан
Эркиндик деп, жанын сайып эрлери
Эчен-эчен азапка тик барышкан.

Жарык күнгө бек ишенип, күмөнсүз,
Жаадай сызып, жайдак атчан, жүгөнсүз...
Катаалдыктан калтаарыбас шерлери
Кала берди эпос болуп түгөнгүс...

Далай кылым тоолоруну чеп кылып,
Дастандарын узун сабак кеп кылып.
Сансыз жылдар жоолашканын кечирип,
Сактабады көңүлүндө кек кылып,

Өз үлүшүн талашууда тарыхтан,
Менин элим мезгил менен жарышкан.
Эркиндик деп, жанын сайып эрлери,
Эчен-эчен азапка тик барышкан.

Сары-Булак айылы.



## УЛУУЛУК

Мен эч качан келген эмес жаңылгым,
Жаңылууга толду, бирок, бүт өмүр...
Жакшылыкка миң бир таазим кылсам да
Пендебиз го... жамандык да күтө жүр.

Мен эч кимди кылгым келбей наарazы,
Капа кылдым аргасыздан нече ирет.
Балким кээси кечире алса, кечирээр,
Ыйман, бирок, кантип мени кечирет.

Мен сүйүүдөн эч бир келбей тажагым,
Тажап, аны жамандыкка жоругам.
Менин уулуу тилим тийип, а балким,
Орой жандар деле, мүмкүн, ооруган.

Мен эч качан баткым келбей күнөөгө,
Канча баттым, жаман ойго алдырып.
Ушак айтып, кылбасам да уурулук,
Орунсуз сөз кээде ыңгайсыз калтырып.

Мен эч качан жалган айтпайм деп, бирок...
Жаңылышат Садык—Чындык дегендер.
«Ыйман салтын бузганым жок» деп айтат
Көз көрүнөө ыймандарын жегендер.

Мен эч качан ачуулангым келбеген,
Ачуулandым, бирок, эчен-эчен жол.

«Адам болбой, акын болуу — чоң кайгы
Дейм өзүмө — канча кыйын чечен бол».

Мен жашоодон өткүм келген таптаза,
Бирок... адам ыйыктыктан кеч келген.
Улуулукка жеталбадым жан сабап,
Ыйыктыкты табалбадым эч жерден...

Төлөйкөн, 1996-ж.



## БОРООНДО БУЮККАН ОЙЛОР

Зым тарткан карагайды озондотуп,
зымырап каякадыр өтөт шамал.
Кыйчылдайт мазени алып кошул-ташыл,
мамыга илип койгон көчө панар.

Өчпөгөн чырактардан үйлөрдөгү,
пардалуу терезелер кызыл жарык.
Чылаган жаан суусу чыйыр жолдо,
чычкандын куйругундай суулар агып.

Жолбун ит шимшилене жортуп тынбай,
жолунан насип-тузун издеп жүрөт.
Кошуна короодогу «Граф» аттуу
корсулдап этке тойгон дөбөт үрөт.

Таякка өбөк артып, илкий баскан,
тар жолдо кемпир барат үйүн көздөй.
Караанын сиңип кетти караңгыга,
кайгыда унутулган улуу сөздөй.

Кошуна үйдөн комуз үнү дир-дир...
Коңур үн коштоп сүйүү ырын боздоп.
Угумдуу созолонгон ушул обон,
унутуп бара жаткан сырды козгоп...

Себелеп кыш кыпынын кырга, түзгө,
сестенткен добул күздү үйлөп салды.

Өмүрдүн жаңылууга толгон жолу,
өчкөн из өндүү мына артта калды.

Билинбей агып келип, кетти күндөр,
биз үчүн бак, кайгысын коштоп алып.
Таш сымал талкаланды таттуу кыял,
тайгак жол, тар кыялар эсте калып.

Үлүндөйт электрден алсыз жарык,
үстөлдө ыр бүтпөгөн барак калып.
Казандай көмкөрүлгөн түнгө карайм,
кар учкан терезеге жакын барып.

Тирүүлөр түгөнбөстөй сапарында,
өзүм да ошолордун катарында.
Айырмам башкалардан ушул менин:
Кудайдан ыйман тилейм жатарымда...

**1997-ж., Сары-Булак айылы.**



## КАТКА ЖООП

Өчөөр бир күн... сүйүү болбос түбөлүк...
Күйбөй, бирок, түтөп өчкөн күн өлүк.
Сезим толгон катыңды алдым, Акдана,
Жооп жазар сөзүм турат түгөнүп.

Урматыңа таазим менден, сылык кыз,
Тамгалар да, кат да сүйкүм, сылыксыз.
Жакшы сөзгө биз, эркектер жардыбыз...
Жардылыктан сансыз күнөө кылыппыз.

Мени акынга теңегениң... билбеймин...
Мен өзүмдү күндө жүз маал тилдеймин.
Ойдогудай чыкпай дайым ырларым,
Ыза кылган талантымдан кирдеймин.

Асыл ниет, аруу, дилгир, сылык кыз,
Сен да, мен да, — адамзат бүт сылыкпыз...
Кемчилик бар генийде да оңолгус,
Умтулуусуз, бирок, өмүр кызыксыз.

Даа бир суроо: кызыгыпсың тегиме.
Айтпаганда, жашыраарым эмине.
Өз чоң энем Муузраф шах небереси,
Ата-бабам кирет кыргыз тегине.

...Өзгөрүлүп, түгөп жүрүп баары улам,
Дүйнө калаар, бопбоз болуп арыган.

Ким мен өңдүү өмүр сырын издесе,
Куру калат байлык, бийлик — баарыдан.

Өчөөрү чын, сезим болбос түбөлүк,
Сүйбөй, бирок, жашап өткөн күн өлүк.
Сезим толгон катың жатат алдымда,
Жооп таппай, сөзүм барат түгөнүп...

**САДЫК ГАВАЙ.**
**1996-жыл, декабрь.**



*Бул китептин демөөрчүсү, жигердүү жетекчи, маданияттуу, интеллекти бийик инсан Курбаналы Азимовго ыраазычылык билдирип, ишине ийгилик, үй-бүлөсүнө бакыт каалайм.*

## МАЗМУНУ

### Жан дүйнө кайрыктары


Эсендигим — эсеп жеткис байлыгым . . . . 3
Наристе . . . . . . . . . . 4
Мезгил эзип нөшөр менен күздөгү . . . 5
Мүрзө . . . . . . . . . . . . 6
Акын түнү . . . . . . . . . . 7
Таазим . . . . . . . . . . . . 8
Комуз . . . . . . . . . . . . 9
Мүштөк . . . . . . . . . . . 10
Тажадым! Тажадым мен баарыңардан . . 11
Кусалык . . . . . . . . . . . 12
Мемирейт касиеттүү тоонун койну
(Атам Элибайга арнаймын) . . . . 13
Кереги жок мага даңкың, атагың . . . 15
Томсоруп атаң турат бейитинде . . . 16
Бөрү . . . . . . . . . . . . 18
Ааламдан өткөн канчалар . . . . . 19
Амандыктын ажары учкан күндөрү . . . 20
Өмүр кумары . . . . . . . . . 21
Ош шаарында . . . . . . . . . 22
Өктөм күндөр . . . . . . . . . 23
Кайрадан экинчи ирет келбеймин деп . . 24
Булуттар . . . . . . . . . . . 25
Күз (Алымкул Исаковго) . . . . . 28
Санаварга . . . . . . . . . . 30
Адамзат бүт күнөөсүн ала өтөйүн . . . 31
Билгеним көкүрөккө түйүп жүрүп . . . 32
Көз ирмем . . . . . . . . . . 33
Кыялындай кежир мүнөз баланын
(Апам Шарапатка арнаймын) . . . . 34
Табышмак тагдыр жолу өмүр алды... . . 35

Кээ бирөө көзүм жокто атымды атап . . . 36
Кайыл болуп... . . . . . . . . . 37
Көздөн учкан бийиктик . . . . . . 38
Митайым . . . . . . . . . . . 39
Күндөр кетсе . . . . . . . . . 40
Саратан . . . . . . . . . . . 41
Бири кем дүйнө . . . . . . . . 42
Жашоом бүт бошко кеткен шамал өңдүү . . 43
Сырдуу сандык . . . . . . . . . 44
Билбей неге жаралганын түшүнбөй . . . 45
Жашоону кантип жаман дейм . . . . . 47
Өмүр . . . . . . . . . . . 48
Кыялым боло албады учар канат . . . 49
Эриним кырка тиштеп келем жолдо... . . 50
Кеч келет бактылуу күн . . . . . . 51
Жашоонун жок жаңылдырбас түз жолу . . 52
Жалгыздык . . . . . . . . . . 53
Жашоо . . . . . . . . . . . 54
Жаралганың — калгандыгың балээге... . . 55
Музыка . . . . . . . . . . . 56
Көп жылдарды кубанычтуу өткөрдүм . . . 57
Жооп . . . . . . . . . . . 58
Карачы, тээ карлыгачты, тигине . . . . 59
Келбейт менин генийлерге теңешким . . . 60
Канбадым сөздөрүнө улуулардын . . . . 61
Кеч кирип күүгүм басты айлананы . . . 62
Бактылуу адамдын да арманы бар... . . . 63
Ыймандай сырым сага жакпай калса... . . 64

### Туулган жер тууралуу ырлар

Эске түшөт биз ойногон талаалар . . . . 67
Каргыш ураар таш ыргытсам итиңе... . . 68
Садагам менин — Сары-Булак . . . . 69
Эсиңдеби, менин тентек жаштыгым . . . 70
Туулган жер . . . . . . . . . 72
Түнкү шаар . . . . . . . . . 73
Күз кечи . . . . . . . . . . 75
Жамгыр . . . . . . . . . . . 76

### Ышкы ырлары

Көздөн учкан жээги болдуң деңиздин . . . 79
Саа деген кумар отум жанат неге . . . . 81



Жайлоодо журттар калды бопбоз болуп . . 82
Сулуулук . . . . . . . . . . . 83
Күнөөкөр кудай өзү...
(Арзыканга арнаймын) . . . . . . . . 84
Сагынсам мен аман-эсен жүрөт де... . . . 85
Алдап кеткен жылдар . . . . . . . 86
Улам улам кайрыламын өзүңө . . . . 87
Жүрөсүңбү, сен да мендей сагынып? . . . 88
Кол чатыр . . . . . . . . . . 89
Сүйбөй туруп Садык жазган ырларды . . . 90
Ысмын ырдай . . . . . . . . . . 91
Сагыныч . . . . . . . . . . . 92

### Арноо ырлары

Теңирге кайрылуу . . . . . . . . 95
Жүрө бер көркү болуп төрдүн, ата . . . 96
Укта, уулум . . . . . . . . . . 97
Жан үкөм, сага, жан сырым
(үкөм Рустамга) . . . . . . . . . 98
С. Есенинге . . . . . . . . . . 100
С. Есенинге . . . . . . . . . . 101
Сиздер үчүн аялдар . . . . . . . 102
Кыргыз тили . . . . . . . . . . 103
Менин элим . . . . . . . . . . 104
Улуулук . . . . . . . . . . . 105
Бороондо буюккан ойлор . . . . . . 107
Катка жооп . . . . . . . . . . 109

САДЫК ГАВАЙ

БИРИ КЕМ ДҮЙНӨ
(Ырлар жыйнагы)

Редактор К. Ташбаев.
Тех. редактор Б. С. Клоцман.
Корректор А. Асанов.

Терүүгө берилди 11. 12. 96.
Басууга кол коюлду 7. 03. 97.
Форматы 70×90¹/₃₂. Басма табак 3,62.
Нускасы 1000. Буюртма 7826.

Жалал-Абад областтык басмакана
Жалал-Абад шаары. Токтогул көчөсү, 24

5 c. 00 m.